**#ЖаратылыштанЭмесКырсыктар - Кырсыктарды кабарлоо тилдерин/дискурсун өзгөртүү**

Журналисттер/кабарчылар тарабынан колдонуу үчүн

Кырсыктардын саны, алардын жыштыгы жана күчү жылдан жылга өсүүдө. 2017-жылы гана, кырсыктан улам 10 миңден ашуун адам каза болуп, миллиондогон адамдар жаракат алышкан жана экономикалык келтирилген зыян 306 миллиард АКШ долларды түздү.

Кырсыктар тууралуу кандайча сүйлөйбүз жана кандайча кабарлайбыз — табигый коркунучтарга байланышкан тобокелдиктерди коомчулук кандай кабыл алары менен түздөн-түз байланыштуу. Бул ошондой эле мындай окуяларга байланышкан дискурсту аныктап, чектеп коёт. Ошондуктан туура терминологияны колдонуу өтө маанилүү. Бул окуяларды/кырсыктарды чагылдыруу өзгөчө маанилүү, анткени ал коомчулуктун кырсыктарды климаттын өзгөрүшү, тез урбанизация, айлана-чөйрөнүн деградациясы жана дүйнөлүк калктын өсүшү сыяктуу маселелер менен кандайча байланыштырарын калыптандырат.

Кырсыктарды чагылдыруудагы баяндоону (дискурсту) өзгөртүүгө багытталган өсүп келе жаткан онлайн демилгенин алкагында, биз бул маалыматтык баракчаны иштеп чыктык. Максаты — «табият кырсыгы» деген салттуу терминден баш тартып, коркунучту (жер титирөө, вирус, ураган, тайфун же сел болобу) кырсыкка айланткан адам тарабынан кабыл алынган чечимдерге көңүл буруу эмне үчүн маанилүү экенин түшүндүрүү.

«Табият кырсыгы» термини туура эмес жана жаңылыш багытка түртөт. Мунун себептери төмөнкүлөр:

- Кырсык деген түшүнүктүн эң кеңири колдонулган аныктамасы Эл аралык Кызыл Чырым жана Кызыл Жарым Ай Коомдору Федерациясы (IFRC) тарабынан берилген. Анда кырсык төмөнкүдөй аныкталат:

> *«Коомдун же жамааттын иштешин олуттуу бузган, адамдык, материалдык, экономикалык же экологиялык жоготууларга алып келген жана ошол коомдун өз ресурстары менен күрөшүү мүмкүнчүлүгүнөн ашып кеткен күтүүсүз, кыйратуучу окуя».*

- Бул аныктама коркунуч (анг. hazard) коомго же жамаатка таасир эткенде гана кырсыкка айланаарын так көрсөтөт. Коркунуч табигый болушу мүмкүн, бирок кырсыктар табигый эмес. Мисалы, жер титирөөлөр, тайфундар жана вулкандар миллиондогон жылдардан бери болуп келген табигый процесстер жана адамдар тарабынан көзөмөлдөнбөйт.

- Коркунуч (анг. hazard) адам коому менен кесилишкен учурда, айрыкча коом же анын айрым бөлүктөрү социалдык жактан аялуу калк топтор болсо, кырсык жаралат. Ошондой эле кырсыктар ар кандай адамдарга жана коомдун ар башка катмарларына ар түрдүү таасир этерин белгилөө маанилүү.

- Коркунуч адам жашаган аймакка жеткенде, биз кабыл алган чечимдер анын кесепеттерин күчөтүшү мүмкүн. Урбанизациянын тездик менен өсүшү (айрыкча жээк аймактарында, сел коркунучу бар түздүктөрдө же таза суу тартыш аймактарында) же айлана-чөйрөнүн деградациясы (токойлордун кыйылышы көчкүгө алып келиши, интенсивдүү айыл чарба чөлдөшүүгө алып келиши) — мунун баары коркунуч пайда болгондо тобокелдиктерди жана таасирлерди күчөтөт.

- «Табият» деген сөз колдонулганда, адамдар кандай чечим кабыл албасын, окуя баары бир болмок деген түшүнүк пайда болот жана адамдар аны өзгөртө албайт деген ой бекемделет.

- Кырсыктардын кесепеттерин табиятка же «Кудайдын эркине» жүктөө — адамдарды аялуу шартта жашоого мажбурлаган же ага жол берген күчтүү чечим кабыл алуучуларды жоопкерчиликтен бошотот.

- Мындай тил колдонуу кырсыктар тууралуу баяндарды алардын социалдык, саясий, экологиялык жана экономикалык контекстинен ажыратат — ал контекстте адилетсиздик кеңири жайылган.

- Мындан тышкары, «табият» деген аныктагычты колдонбостон эле «кырсык» терминин колдонуу окурмандын түшүнүүсүн же кызыгуусун азайтат деген эч кандай далил жок.

**Сураныч, «табият кырсыгы» деген мифти бузууга өз салымыңызды кошуңуз жана талаштуу эмес, кыска жана так «кырсык» деген терминди колдонуңуз.**